**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы тарабынан 2021-2022- окуу жылы үчүн окуу-усулдук иштери боюнча аткарылган жумуштарынын**

**ОТЧЕТУ**

- Сентябрь айында усулдук кеңештин 2021-2022- окуу жылында аткарылуучу иштердин планы түзүлүп, бекитилген жана ошол пландын негизинде кафедрада иш алынып барылды.
- Ушул эле айда талапка ылайык УМК (жумушчу программа, силлабустар ж.б.) түзүлүшү, сапаты текшерилип, бекитилди жана ал AVN информациялык системасына жайгаштырылды.
- Кафедрада ачык сабактардын графиги бекитилди жана ошол графиктин негизинде сабактар өтүлдү, тажрыйба алмашуу максатында өз ара сабакка катышуулар болду.
- Сентябрь айында «Устат-шакирт» системасы боюнча тажрыйбалуу окутуучуларга шакирттер бекитилди. Анын негизинде тажрыйбалуу окутуучулар жаш окутуучулардын сабагына катышышып, багыт көрсөтүлүп жатты.
- Ноябрь айында студенттердин билим деңгээлин аныктоо максатында диагностикалык баалоо уюштурулду.
- Методикалык семинарлардын графиги түзүлүп, бекитилип, планда көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө семинарлар өтүлдү. Атап айтсак, октябрь айында улук окутуучу, кафедранын окуу-усулдук кеңешинин жетекчиси Б.Дуйшоева баалоонун түрлөрү боюнча кафедранын окутуучуларына семинар өттү. Мындан сырткары, январь айында доцент Г.Орунбаева "Окутуунун жаңы усулдары" деген темада кафедранын окутуучуларына семинар өтүп берди ....
- Окутуучулар квалификациясын жогорулатуу максатында ар түрдүү тренинг-семинар, конференция, тил үйрөнүү курстарына катышышты. Атап айтсак, 2022-жылдын 31-январынан 2-февралга чейин ОшМУ жана Кыргыз-түрк "Манас" университети тарабынан семинарлар уюштурулган ага СГД кафедрасынын бардык окутуучулары катышып, жыйынтыгында сертификатка ээ болушту.
- Илим жумалыгына карата СГД кафедрасынын улук окутуучусу А.Маматова факультеттин усул боюнча жооптууларына ОМК түзүү боюнча семинар өтүп берди.

**Эл аралык медицина факультетинин**
**СГД кафедрасынын окуу-усулдук**
**кеңешинин жетекчиси:** **улук окутуучу Дуйшоева Б.С.**